# КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

## ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ
**№1жыйындын протоколу**

**Дата: 29.01.2014.**
**Убакыт: 14.00.**
**Бөлмө: Конференц-зал**

**Күн тартибиндеги маселелер:**

1. Окумуштуулар кеңешинин 2014-жыл үчүн иш планын бекитүү.

Б.Мурзаибраимова

2. 25-педагогикалык окууларды өткөрүү жөнүндө.

С.Жаанбаев

3. Кол жазмаларды бекитүү.

3.1. “Манас” эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл нарктары. “Кыргыз адабияты”, “Адеп” предметинин мугалимдери, тарбиячы-педагогдор жана манастаануучулар үчүнокуу-методикалык колдонмо(авт.: С.О.Байгазиев).

С.К.Рысбаев

3.2. «Мектептин социалдык педагогуна жардам». Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (түзгөндөр: Койлубаева Ш.Б., Чепекова Г, С.).

К.К.Жунушалиева

3.3. “Насвайды колдонуунун зыяндуулугу тууралуу”/“О вреде употребления насвая” (түз.: КР ССМинин республикалык ден соолукту чыңдоо борбору.).Мугалимдер жана окуучулар үчүн окуу-усулдук колдонмо.

3.4. “Математика боюнча негизги жана орто мектептерде мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялар үчүн тапшырмалар” (кыргыз жана орус тилдеринде, түзг.: Ф.Крапивко, С.Полякова, Е.Никитина, Л.Хохлова, А.Осмоналиева).

Син Е.Е.

4. Б.Мурзаибраимованы кандидаттык изилдөөгө илимий жетекчилик кылууга уруксат алууга көрсөтүү жөнүндө.

С.О.Байгазиев

**1. Окумуштуулар кеңешинин 2014-жыл үчүн иш планын бекитүү.**

**Угулду:** Окумуштуу катчы Б.Мурзаибраимова окумуштуулар кеңешинин 2014-жыл үчүн түзүлгөн планынын долбоору менен катышуучуларды кыскача тааныштырды (ишпландын долбоору окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнө алдын ала таратылып берилген).

**А.Мамытов:** Айтылган сунуштарды эске алуу менен КББАнын Окумуштуулар кеңешинин 2014-жыл үчүн түзүлгөн планын бекитүүнү добушка коём. Ким макул болсо добуш бериңиздер.

“Макул” – баары, “каршы”, “калыс” – жок, кабыл алынды.

Талкуунун негизинде Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:

1. КББАнын Окумуштуулар кеңешинин 2014-жыл үчүн планы бекитилсин.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**2. 25-педагогикалык окууларды өткөрүү жөнүндө.**

**Угулду:** Уюштуруу-методикалык бөлүмдүн башчысы С.Жаанбаевдин билдирүүсү. Ал төмөнкүлөргө токтолду.

Урматтуу окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү, Кыргыз билим берүү академиясы эки жылда бир мугалимдердин педокууларын уюштуруп турарын билесиздер. Былтыры мугалимдердин съезди өтүлөт деп калып, педокуулар уюштурулбай калган. Быйыл ноябрдын башында, жаңы окуу жылындагы 1-каникулга карата “Окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү жана аларды тез өзгөрүп жаткан шартта турмушка даярдоо проблемалары” деген темада 25-педагогикалык окууларды өткөрөлү деп жатабыз. Үч-төрт теманын ичинен ушул темага токтолгонбуз. Бирок, аталган теманы министрликтин кызматкерлери (Р.А.Тайболотова ж.б. ) бир аз татаалыраак экенин айтып, дагы 3-4 тема берсеңер бирин бекитип берели деп жатышат.

**А.Мамытов:** Анда, бул маселелерди дагы талдап, тактайбыз. Маалыматты уктук, белгиленген сунуштар боюнча чечим чыгарып туралы.

Талкуунун жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Уюштуруу-методикалык бөлүмдүн башчысы С.Жаанбаевдин 25-педагогикалык окууларды өткөрүүнү уюштуруу жөнүндөгү маалыматы эске алынсын.
2. С.Жаанбаевге XXV Республикалык педагогикалык окууларды өткөрүү боюнча министрликтин буйругунун долбоорун даярдоо жана деталдуу жумуштардын аткарылышын көзөмөлдөө жагы милдеттендирилсин.

   *Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**3. Кол жазмаларды бекитүү.**

**3.1.** “Манас” эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл нарктары. “Кыргыз адабияты”, “Адеп” предметинин мугалимдери, тарбиячы-педагогдор жана манастаануучулар үчүн окуу-методикалыкколдонмо(авт.: С.О.Байгазиев).

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы, п.и.д., профессор С.Рысбаев аталган эмгек боюнча төмөндөгүлөрдү билдирди.

““Манас” эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл нарктары” аттуу кол жазма (автору:ф.и.д.,профессор С.О.Байгазиев, көлөмү– 594 бет) “Кыргыз адабияты”, “Адеп” предметинин мугалимдерине, тарбиячы-педагогдорго кошумча колдонмо катары даярдалган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндөгү” жарлыгын (30.01.2012) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Манас” эпосун 2012-2017-жылдарда сактоо, үйрөнүү жана жайылтуунун улуттук программасы жөнүндөгү” токтомун (31.01.2012) аткаруу жагдайынан караганда бул кол жазма актуалдуу.

Профессор С.Байгазиевдин бул эмгегинде улут сыймыгы-улуу “Манас” эпосунун улуттук жана дүйнөлүк мааниси, анын руханий,адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асылнарктары, ошондой эле, эпосту окутуунун проблемалары, Манас рухунун нугунда өсүп келе жаткан муундарды социалдаштыруу, жарандарыбыздын мекенчилдикке, дастандын патриоттук-гуманисттик идеалдарынын өңүтүндө тарбиялоо маселелери тууралуу кенен жана терең сөз жүрөт.

Эмгекте Манас баатырдын образы кең-кесири талдоого алынган. Баатырдын сыйынган улуу идеасы, Манастын патриот болуп жетилиши, Манастын шердиги, Манастын мекенчилдиги же сөзү менен ишинин биримдиги, калк кызыкчылыгын кайтарышы, Манастын өзгөнү бооруна тартып, өз кыла билүү билгилиги, Манастын айкөлдүгү, Манастын ар-

намыстуулугу, Манастын боорукерлиги, Баатырдын кемчилигин моюнга ала билгендиги жана сынчылдыгы, Манастын кеңешчилдиги,Манастын кенендиги, Манастын кечиримдүүлүгү, Манастын эл менен болгон биримдиги, Манастын сабаттуулугу, Манастын ыймандуулугу, анын жетекке алган жогорку идеялары жана идеалдары, Манастын мекен жөнүндөгү улуу санаркоосу, потриотизми эпостон алынган мисалдар менен ачылып берилген.

Ошндой эле, Каныкейдин образынын дагы биринчи жолу деталдуу түрдө кеңири талдалып, анын маңызынын ачылып берилиши колдоого татыктуу.

Каныкейдин образын көрөсөндүү кылып көкөлөтүп турган касиеттердин эң негизгилеринин бири - бул анын Манас баатыр менен кошо калк тагдырын тең бөлүшкөндүгү, өзүнүн сүйгөнү менен кошо ак калпак калктын түйшүгүн, кайгы-муңун, азап-тозогун тең көтөргөндүгү. Манас өлгөндөн кийин да элдин кызыкчылыгы, журттун келечеги үчүн кара башын сайып, турмуштун ызгаарларына жана бороондоруна көкүрөгүн тосуп, антка, шертке акыраягына чейин бекем тургандыгы, тагдырдын катаал соккуларын каармандык менен жеңип чыккандыгы.

«Зайыпзаттын паашасы, кең көйнөктүн тазасы, кара сурдун сулуусу, адамзаттын нурдуусу» Каныкей энебиз сөздүн терең маанисиндеги чыныгы адеп-ахлак өрнөгү, чолпон жылдыздай жаркыраган таалим-тарбия маягы.

Каныкей эмне үчүн “Калк энеси” деген бийик наамга арзыган? Ал кандай адамдык сапаттарга жана өнөргө эгедер? Кайсы касиеттери үчүн ал “кең көйнөктүн тазасы, зайыпзаттын паашасы” деп аталган. Каныкейдин Манас баатырга болгон улуу махабаты эмнеден көрүнөт? Ал Манастын жана Манастын мамлекетинин тагдырында кандайча роль ойногон? Ата журтуна кандай кызмат кылган? Айкөл Манас атабыздын жары кандай адамдык драмаларды, трагедияны жана каарман күрөштөрдү баштан кечирген? Башкача айтканда, Каныкейдин образынын эпопеяда көтөрүп жүргөн руханий, адептик-ыймандык, патриоттук-философиялык дөөлөттөрү кайсылар? Анын образы бүгүнкү муундарга кандай насыяттарды, кандай нравалык сабактарды, адеп- ахлак өрнөктөрүн тартуулайт? Образдын биз үчүн тарбиялык мааниси эмнеде? XXI- кылымдын кыз-келиндерине Каныкей кай жагынан үлгү боло алат?

С.Байгазиевдин эмгеги дал ушундай суроолорго ынанымдуу жооп берет.

Профессор Советбек Байгазиевдин бул эмгегинде ошондой эле дүйнөлүк улуу классика, көчмөн цивилизациянын керемет кенчи, улут сыймыгы “Манас” эпосунун улуттук жана жалпы адамзаттык мааниси кеңири масштаб менен каралып, ынанымдуу далилдердин негизинде ачылып берилген. Ошондой эле, өсүп келе жаткан мундарды тарбиялоо ишинин мазмундук негизине алына турган Кыргыз рухунун, Манас рухунун нарк-дөөлөттөрү жана өлкөбүздүн бүгүнкү педагогикалык стратегиясы жөнүндө сөз болот. Эмгекте билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясы тарабынан кабыл алынган “Манасты” окутуунун концепциясы да жайгаштырылган. Эмгек мектептеги “Адабият”, “Адеп” предметтеринин мугалимдери, тарбия сааттарын алып барган класс жетекчилер үчүн абдан керек. Ошондой эле, бул эмгекти ЖОЖдордогу “Манастаануу” сабагына да пайдаланса болот.

**А.Мамытов:**

Анда, аталган кол жазма боюнча чечимдин долбоорун бекитүүгө ким макул болсо, добуш бериңиздер. “Макул” − баары, “каршы”, “калыс”− жок.

Талкуунун негизинде**Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. “Манас” эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл нарктары” аттуу кол жазма (автору: С.О.Байгазиев,көлөмү: 594 б.) жактырылсын.

2. Кол жазмакыргыз адабияты,адеп предметтеринин мугалимдери, тарбиячы-педагогдор жана манастаануучулар үчүн окуу-методикалык колдонмо катары басуугасунушталсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**3.2. «Мектептин социалдык педагогунун кесиптик ишмердиги». Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (түзгөндөр: Койлубаева Ш.Б., Чепекова Г. С.).**

**Угулду:** Менеджмент, технология жана искусство кафедрасынын башчысы К.К.Жунушалиеванын аталган кол жазма тууралуу маалыматы. Ал төмөнкүлөргө токтолду:

Кол жазма Окумуштуулар кеңешинде 2-жолу каралып жатат. Өткөн жолкуда аталышы менен ички мазмунунда дал келбестиктер бар экендиги белгиленген.

Кол жазмада берилген материалдар мектептин социалдык педагогу үчүн арналып, мектепте окутуу жана тарбиялоо процессинде класс жетекчилер, мугалимдер, ата-энелер менен биргеликте окуучунун ийгиликтүү социалдашуусу үчүн окутуунун, тарбиялоонун методдорун тандап алууга жардам берет. Ошондой эле сунушталып жаткан кол жазмадагы материалдар мектептин социалдык педагогу үчүн зарыл болуп, анын ишмердүүлүгүндө кандайдыр бир жеңилдиктерди түзүүгө мүмкүндүк берет (рецензент К.К.Джунушалиеванын пикири жана кафедранын чечими тиркелет).

Кол жазмада кесиптик ишмердүүлүккө байланыштуу материалдар жана маалыматтар жетишсиз болгондуктан, Д.Бабаев менен макулдашып, кол жазманын аталышын «Мектептин социалдык педагогуна жардам» деп өзгөртүү жагы сунушталды.

Талкуунун жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. «Мектептин социалдык педагогунун кесиптик ишмердиги» (түзг.: Койлубаева Ш.Б., Чепекова Г, С.) кол жазмасы«Мектептин социалдык педагогуна жардам» деген аталыштажактырылсын.
2. Кол жазма соцпедагогдор үчүн методикалык колдонмокатары басууга сунушталсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**3.3.** “Насвайды колдонуунун зыяндуулугу тууралуу”/“О вреде употребления насвая” (түзг.: Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлигинин Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору). Мугалимдер жана окуучулар үчүн окуу-усулдук колдонмо (кыргыз, орус тилдеринде).

**Угулду:**Табигый-математикалык предметтер лабораториясынын жетекчиси п.и.д., доцент Син Е.Е.  бул кол жазма тууралуу төмөнкүдөй маалымат берди.

Аталган окуу-методикалык колдонмонун кол жазмасында,окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер үчүн пайдалуу,учурдун талабына жооп берген материалдар камтылган. Кол жазма мектептин мугалимдери аркылуу өспүрүмдөр арасында насвайды пайдалануунун зыяндуулугу тууралуу билимдерди жайылтууга арналган. Учурда мектептерде орчундуу маселе болуп баңгилик таасири бар насвай чегүү эсептелери,насвай ден соолукка оор кесепеттерди алып келериилимий фактыларга таянуу менен ачып көрсөтүлгөн.

Кол жазманы лабораторияда эки жолу талкууладык. Биринчи талкууда белгиленген мүчүлүштүктөр толук четтетилген. Кол жазманы бекитип берүү тууралуу лабораториянын сунушун колдоп берүүңүздөрдү суранам.

**А.Мамытов:** Насвай жана тамеки эки башка нерсе, а колдонмонун мазмунунда тамеки жөнүндө да жүрөт. Эгер насвайдын курамына кирген, б.а. насвай жасала турган тамеки жөнүндө сөз болсо, анда “тамеки” деген сөздөрдү “насвай тамекиси” деп тактоо керек.

Окумуштуулар кеңеши КР ССМ деп кыскартуу туура эместигин, колдонмого Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлиги деп толук жазуу керектигин, жалпысынан Республикалык ден соолукту чыңдооборбору тарабынан даярдалган бул кол жазманы мектепке сунуштоого боло тургандыгын, жогорудагы сунуштарды эске алуу менен кол жазманы бекитүү жагын белгилешти.

Талкуунун жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. “Насвайды колдонуунун зыяндуулугу тууралуу”/“О вреде употребления насвая” (түзг.: Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлигинин Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору) аттуу мугалимдер жана окуучулар үчүн окуу-усулдук колдонмонун (кыргыз, орус тилдеринде) кол жазмасы жактырылсынжана бекитилсин.

2. Кол жазма **“Насвайдын зыяндуулугу тууралуу”/ “О вреде насвая”** деген аталышта басууга сунушталсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**3.4.** “Математика боюнча негизги жана орто мектептерде мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялар үчүн тапшырмалар” (кыргыз жана орус тилдеринде, түзг.: Ф.Крапивко, С.Полякова, Е.Никитина, Л.Хохлова, А.Осмоналиева).

**А.Мамытов:** бул маселеге экинчи ирет кайрылууга туура келип калды. Биз өткөндө, декабрдагы отурумда ушундай материал боюнча чечим кабыл алдык эле. Анан, дагы бирөө болуп калыптыр. Бул боюнча тагыраак маалыматты окумуштуу катчыдан угалы.

**Б.Мурзаибраимова:**2013-жылдын 25-декабрында “9-11-класстар үчүн бүтүрүүчү экзаменге сунушталган маселелердин чыгарылыштарынын мазмуну” деген аталышта №5 мектептин математика мугалимдери тарабынан даярдалган кол жазма Б.Жакышева тарабынан Окумуштуулар кеңешине сунушталып, талкуунун жыйынтыгында “Жалпы билим берүүчү мектептердин 9-11-класстары үчүн алгебра боюнча бүтүрүү экзаменине сунушталуучу тапшырмалардын жыйнагы” деген аталышта бекиген.

Ал эми буга чейин 2013-жылдын июнь айында табигый-математикалык предметтер лабораториясына келип түшүп, кемчиликтери белгиленип, кайра иштөөгө кайтарылган кол жазма оңдолуп, академияга 10-январда келип түшкөн. Экөөнү салыштыруу үчүн кайрадан лабораторияга бергенде, расмий рецензент К.Самсалиева бекиген кол жазманын жараксыз экендигин белгилеп, ал эми кийинки кол жазманы колдонууга сунуштаган (пикирлери бар). Лабораториянын талкуусунда Е.Е.Син да кол жазмада мурда белгиленген кемчилдиктер толук четтетилгенин белгилеп, жыйынтыгында лаборатория бул кол жазманы (көрсөтүлөт) бекитүү тууралуу лабораториянын корутундусун тапшырган.

**А.Мамытов:** Анда төмөнкүдөй чечим чыгарууну сунуштайм: 1) ушундай аталыштагы кол жазма боюнча окумуштуулар кеңешинин мурунку чечими жараксыз деп табылсын; 2) ошол чечимди чыгаруу үчүн оң рецензияларды даярдаган Н.Кайдиева, Б.Жакышева, аларга түрткү болгон С.Жаанбаев жобого туура келбеген жумуш жасагандыктары үчүн эскертилсин; 3) “Негизги жана орто мектептерде математика боюнча мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялар үчүн тапшырмалар” (түзг.: Ф.Крапивко ж.б.) колдонмосу тийиштүү лабораториянын бүтүмүн эске алуу менен жактырылсын жана колдонууга сунушталсын; 4) С.Жунусбаевге аталган кол жазманы тез басып чыгаруу милдеттендирилсин.

Ушул сунуштарга кимде кандай кошумча бар?

**С.Жаанбаев:** Экзамендик материалдардын жооптору лабораторияда сакталсын дегенди да кошумчалап коёлу.

**А.Мамытов:** Туура, 5) ушул жана мындан башка экзамендик материалдардын жоопторун иштеп чыгып, сатууга тыюу салынсын.

**С.Жаанбаев:** Мага эскертүү берсеңиз макулмун, бул кыздарда күнөө жок. Мен гана буларга тапшырма бергемин.

**М.Т.Иманкулова, К.Жунушалиева, С.К.Рысбаев:** С.Жаанбаевдин күнөөнү өзүнүн гана моюнуна алып жатканы туура, бул сунушту колдош керек.

**А.Токтомаметов:** Чынында бул кыздарга толук маалымат берилбей калган, ошондуктан, алардын эскертүү алышы адилеттүү болбой калат

**А.Мамытов:** Анда, С.Жаанбаев гана эскертилсин дейлиби? Башка сунуштар болбосо, айтылган сунуштарды добушка коём. Ким макул болсо, добуш бериңиздер. “Макул” − баары, “каршы”, “калыс” – жок.

Талкуунун негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. “Жалпы билим берүүчү мектептердин 9-11-класстары үчүн алгебра боюнча бүтүрүү экзаменине сунушталуучу тапшырмалардын жыйнагы” аттуу кол жазманы жактыруу жана колдонууга сунуштоо жөнүндөгү окумуштуулар кеңешинин токтому (пр. №10, 25.12.13) жараксыз деп табылсын.

2. Аталган чечимди чыгаруу үчүн оң рецензиялардын даярдалышына түрткү болгон С.Жаанбаев жобого туура келбеген жумуш жасагандыгы үчүн эскертилсин.

3. “Математика боюнча негизги жана орто мектептерде мамлекеттик жыйынтык-тоочу аттестациялар үчүн тапшырмалар” (кыргыз жана орус тилдеринде, түзг.: Ф.Крапивко, С.Полякова, Е.Никитина, Л.Хохлова, А.Осмоналиева) кол жазмасы тийиштүү лабораториянын бүтүмүн эске алуу менен жактырылсын жана колдонууга сунушталсын.

4. “Билим” басма борборунун директору С.Жунусбаевге аталган кол жазманы тез арада басып чыгаруу жагы милдеттендирилсин.

5. Ушул жана мындан башка экзамендик материалдардын жоопторун иштеп чыгып, сатууга тыюу салынсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**4. Б.Мурзаибраимованы кандидаттык изилдөөгө илимий жетекчилик кылууга уруксат алууга көрсөтүү жөнүндө.**

**Угулду:** КББАнын вице-президенти, ф.и.д., профессор С.О.Байгазиевдин билдирүүсү. Ал төмөнкүлөрдү белгиледи.

Академиянын окумуштуу катчысы, п.и.к., а.и.к. Мурзаибраимова Бибисара жөнүндө сиздерге кеңири маалымат берүүнүн кажети болбосо керек. Сиздер билгендей, ал учурда кызматтык милдетин жоопкерчиликтүү аткаруу менен бирге, физиканы окутуунун методикасы боюнча илимий изилдөөлөрүн улантып жатат. Изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары боюнча докладдары менен Эл аралык жана республикалык деңгээлдеги конференцияларга, республикалык педагогикалык окууларга катышат. Академияга келип түшкөн илимий-методикалык кол жазмаларды, диссертацияларды талкуулоого, физикага байланыштууларын расмий эксперт, рецензент катары карап чыгууга активдүү катышып, иштин сапатын жакшыртуу боюнча орундуу сунуштарын берип келет. Кыргыз республикасында физикалык билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын, программасынын түзүүчүлөрдүн бири, 50гө чукул илимий-методикалык эмгектин автор(лош)у,анын 12си окуу-методикалык колдонмо. Өзү физика боюнча компетенттүү адис.Жакында, “ага илимий кызматкер” окумуштуулук наамы” КР Жогорку аттестациялык комиисиясынан бекип, дипломун алды.

Аспиранттарга жетекчи болушка бул кишинин потенциалы жетет. Ошондуктан, мен Бибисара Бекмаматовнага, эгер Жогорку аттестациялык комиссия оң чечип берсе, кандидаттык диссертацияларга илимий жетекчилик кылууга уруксат берүү туура деп эсептейм. Бул сунушту ЖАКка жөнөтүү үчүн сиздерди колдоого чакырам.

**А.Мамытов:** Кандай болгон күндө да Окумуштуулар кеңешинин чечимин бере берсек, калган процедураларын дагы көрөбүз да.

Окумуштуулар кеңеши Б.Мурзаибраимовага илимий жетекчиликке уруксат берүүгө макул экендиктерин билдиришти.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. КББАнын Окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер Б.Мурзаибраимованын кандидаттык диссертацияларга жетекчи болууга потенциалы жете тургандыгы белгиленсин.

2. Анын кандидаттык изилдөөлөргө илимий жетекчилик кылуусуна уруксат берүү жагы КР Жогорку аттестациялык комиссиясынан суралсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

КББАнын Окумуштуулар кеңешинин

төрагасы, п.и.д., профессор: А.М.Мамытов

Окумуштуу катчы, п.и.к.: Б.Б.Мурзаибраимова